МАКУЛДАШЫЛДЫ

Окуу иштери б/а директордун

орун басары Караева Д.И.

“ 25 ” 06 2025-ж

БЕКИТЕМИН

И.Раззаков атындагы БТКнын

директору Келебаев К.К

“ ” 2025-ж

**2024-25 окуу жылынын жылдык боюнча “Маалыматтар технологиясы” бөлүмүнүн иш баяндамасы**

**Окуу иштери боюнча**

2024-25 окуу жылынын "Маалыматтар технологиясы" бөлүмү технологиялык жетишкендиктерди жана билим берүү процесстерин жеткиликтүү багытында бир топ маанилүү иштерди аткарды. Бөлүмдүн негизги максаты – студенттерге маалыматтык системаларды, программалоо тилин, маалыматтарды иштетүү жана сактоо технологияларын үйрөтүү. Бул отчетто бөлүмдүн ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары, жетишкендиктер, көйгөйлөр жана келечектеги пландар каралат.

Бүгүнкү күндө билим берүү тармагында маалыматтык технологиялардын ролу өзгөчө мааниге ээ болууда. Санариптештирүү процессинин ылдам темп менен өнүгүшү билим берүү мекемелеринен да жогорку деңгээлдеги техникалык камсыздоону, заманбап IT чечимдерди жана коопсуздук стандарттарын талап кылууда.

Бишкек техникалык колледжинин Маалыматтар технологиясы бөлүмү 2024–2025-окуу жылында колледждин жалпы окутуу процессин санариптик каражаттар менен камсыз кылууга, техникалык тейлөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүгө жана IT билим берүү чөйрөсүн өнүктүрүүгө багытталган иштерди ийгиликтүү аткарды.

2024-2025-окуу жылына окуу процессинин графиги Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык түзүлдү, анда окуу ишинин жылдык режиминин талаптары жана окутуунун бардык түрлөрү боюнча (теориялык, практикалык, аралык жана жыйынтыктоочу аттестация, каникул) каралды. Окуу жылында график сакталды. Түзүлгөн окуу пландарына ылайык бюджеттик жана контракттык окуу тайпаларында окуу сааттарын эсептөө жана бөлүштүрүү жүргүзүлдү. Окуу жүктөмдөрү колледждин окутуучуларынын ортосунда бөлүштүрүлдү жана окуу жайдын директорунун буйругу менен бекитилди жана белгиленген окуу жүктөмдөр толук көлөмдө аткарылды. Теориялык жана практикалык сабактар окуу программасына ылайык уюштурулуп, бардык тайпаларда үзгүлтүксүз өткөрүлдү. Лабораториялык иштер, курстук долбоорлор жана көзөмөл иштер белгиленген мөөнөттөрдө толук жүргүзүлдү.

| № к/н | А.А.А. | Кызматы | СПУЗ Бюджет | | СПУЗ Контракт | | Жалпы окуу жүктөмү | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | мерчемдел | аткарылды | мерчемделди | аткарылды | **мерчемделди** | **аткарылды** |
| 1 | Омуралиева З.М. | Окут. | 60 | 60 | 1264 | 1264 | **1324** | **1324** |
| 2 | Уркунбаева А.К. | Окут. | 135 | 135 | 1026 | 1026 | **1161** | **1161** |
| 3 | Кульжигитов А.А. | Окут. | | | 1103 | 1103 | **1103** | **1103** |
| 4 | Бактыбек уулу А. | Окут. | 105 | 105 | 790 | 790 | **895** | **895** |
| 5 | Эрмат кызы Зарина | Окут. | 105 | 105 | 870 | 870 | **975** | **975** |
| 6 | Мукашов Кайрат | Окут. | 30 | 30 | 938 | 938 | **968** | **968** |
| 7 | Урустамбек у.Арслан | Окут. | **150** | **150** | 690 | 690 | **840** | **840** |
| 8 | Шамшидинова А. | Окут. | 90 | 90 | 770 | 770 | **860** | **860** |
| 9 | Жакыпова Н.Н. | Окут. | | | 649 | 649 | **649** | **649** |
| 10 | Бегалиев С.А. | Окут. | | | 725 | 725 | **725** | **725** |
| 11 | Асылбеков Кемел | Окут. | 40 | 40 | 40 | 40 | **80** | **80** |
| 12 | Абдыкалык к.М. | Окут. | 90 | 90 | 270 | 270 | **360** | **360** |
| 13 | Елфимова М.И. | Окут. | | | 100 | 100 | **100** | **100** |
| 14 | Караева Дж.И. | Окут. | | | 100 | 100 | **100** | **100** |
| 15 | Сейитова К. | Окут. | | | 429 | 429 | **429** | **429** |
| 16 | Жумабаева С.Ж. | Окут. | 20 | 20 | 238 | 238 | **258** | **258** |
| | ГАК | | | | | | | |
| | | | | | | | | |
| | | | | 795 | | 10032 | **10825** | **10825** |
| | | | | | | | | |

**Окуу-усулдук иштери.**

Мугалимдер 2024-2025-окуу жылына карата Мамлекеттик билим берүү программасынын стандартынын талаптарына ылайык окуу-методикалык комплекстерди даярдашты. Бул окуу комплексинде тесттер, тапшырмалар, контролдук суроолор жана бар модулдар үчүн тесттик суроолору, темалар өз алдынча иштөө, курстук иштердин темалары камтылды жана бекитилди. Окуу процесси, бекитилген графикке ылайык, бардык дисциплиналар боюнча модулдар өткөрүлдү. График мугалимдердин жана окуучулардын көңүлүнө бир күн мурун жеткирилет. График окуу сабактары жана аны күндүзгү окууга алмаштыруу компьютердик версияда түзүлөт жана колледждин сайтында жалпыга жеткиликтүү.

2024-2025 окуу жылында кышкы жана жайкы сессиялар толук модульдун жыйынтыгы менен “AVN” программасы аркылуу автоматташтырылган түрдө жүргузүлдү.

Студенттер дисциплиналар боюнча окуу курсун аяктагандан кийин электрондук тестирлөө түрүндө жыйынтыктоочу контролду да тапшырышат. Алынган (топтолгон) баллдардын негизинде окуучуларга жыйынтыктоочу баа коюлат. Модулдарды (1, 2 жана 3) жеткирүүнүн графиктери түзүлдү.

1 – 50 балл “2” канаттандыраарлык эмес
51 – 69 балл “3” канаттандыраарлык

70 – 84 балл “4” жакшы
85 – 110 балл “5” эң жакшы

Бардык окутуучулар электрондук билим берүү ресурстарын колдонушат.

2024-25 окуу жылынын жыйынтыгы менен МТ бөлүмдө төмөнкү студенттер эң жакшы деген баа менен аяктап, 720сом стипендияга ээ болушту.

| № | А.А.А. | Тайпасы | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 1. | Арстанбеков Аят Нурбекович | ПОо(9-кл)203-1-23 | 720 |
| 2. | Акматжанов Даниэль Тариэлович | ПОо(9-кл)203-1-23 | 720 |
| 3. | Шайсынова Асема Тилековна | ПОо(9-кл)203-1-23 | 720 |
| 4. | Эсенбекова Айсезим Эсенбековна | ПОо(9-кл)203-1-23 | 720 |
| 5. | Дамирбеков Барсбек Мухамбетович | ПОо(9-кл203)-1-23 | 720 |
| 6. | Козубаев Бекбол Нурбекович | ПОо(9-кл)203-1-23 | 720 |
| 7. | Турганбек кызы Жаннат | ПОо(9-кл)203-1-23 | 720 |

**Уюштуруу иштери**

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин буйругуна ылайык, МАКтын төрагалыгына «Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо» жана “Компьютердик системалады программалоо” адистигтери боюнча – Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигине караштуу “Санарип билим берүү борбору” мамлекеттик мекемесинин жетекчиси Бабаев Бектурган Назарбекович жана Аскар кызы Лира Ж. Баласагын атындагы КУУнун ф-м.и.к., доцент “Прикладдык информатика” программасы боюнча бекитилди.

1. Мамлекеттик атестациялоо комиссиясынын курамдары бекитилди.

2. ГАК тын графиги

3. ГАКтын программалары

4. Экзамендик билеттер бөлүмдө каралып чыгып, бекитилди.

**Сабактар аралык жыйынтыктоочу сынактын жыйынтыгы**

**Автоматташтырылган системаларды жана эсептөө техникаларын программалык камсыздоо**

| Көрсөткүч | Баардыгы |
|---|---|
| 1. Орто кесиптик окуу жайын бүтүргөн | 127 |
| 2. Аттестацияга уруксат берилди | 124 |
| 3. Алардын ичинен<br>- эң жакшы<br>- жакшы<br>- канааттандырарлык<br>- канааттандырарлык эмес | 124<br>44<br>63<br>17<br>- |
| 4. Келген жок | 3 |
| 5. Артыкчылык менен | 2 |

303-3-ПО студенттери Намазбеков Адемир Аскарбекович, Кадыркулов Шабдан Русланович, Мамаджанов Кутман Майрамбековичтер артыкчылык менен аякташты.

**Компьютердик системаларды программалоо-14 студент**

| Көрсөткүч | Баардыгы |
|---|---|
| 1. Орто кесиптик окуу жайын бүтүргөн | 14 |
| 2. Аттестацияга уруксат берилди | 14 |
| 3. Алардын ичинен<br>- эң жакшы<br>- жакшы<br>- канааттандырарлык<br>- канааттандырарлык эмес | 14<br>6<br>8<br><br>- |
| 4. Келген жок | - |
| 5. Артыкчылык менен | - |

## Тайпалар аралык көрсөткүч

| Тайпасы | Саны | Эң жакшы | Жакшы | Канааттанд. | Келген жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 303-1-ПО | 26 | 16 | 8 | 2 | - |
| 303-2-ПО | 28 | 8 | 14 | 6 | - |
| 303-3-ПО | 31 | 15 | 16 | - | - |
| 303-4-ПО | 26 | 4 | 15 | 7 | - |
| 303-5-ПО | 16 | 1 | 8 | 4 | 3 |
| 403-ПОз | 15 | | 8 | 7 | |
| 302-ПКС | 14 | 6 | 8 | | |
| Баардыгы | 156 | 50 | 77 | 26 | 3 |

**2024-жылдын 25-30 ноябрда орто кесиптик окуу жайлардын ичинен И.Раззаков атындагы КМТУнун Бишкек техникалык колледжинин студенттери Санкт-Петербуг шаарында өткөн «Профессионалы»2024 чемпионатка катыша алышты.**

Чемпионат кыймылы – бул атаандаштардын компетенттүүлүгүн көрсөтүүгө багытталган жана белгилүү бир экономикалык чөйрөдө “көнүмдөрдүн” прототиптерин түзүү боюнча иш-чара.

Чемпионат Россия Федерациясынын эмгек рыногунда суроо-талапка ээ болгон жана (же) эмгек функцияларына жана эмгек ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнө, орто кесиптик билим берүүнүн багыттарына, ошондой эле келечектүү компетенцияларга (конкурстук багыттарга) салыштырылган компетенциялар боюнча өткөрүлөт. "Профессионалдар" кесиптик чеберчилик боюнча чемпионат - эң популярдуу жана талап кылынган компетенциялар боюнча кесиптик чеберчиликти көрсөтүүгө багытталган сынактык иш-чаралар. Сынак атаандаштар үчүн 55 компетенция боюнча өткөрүлдү.

Аталган 55 компетенция боюнча 900дөн ашык конкурсанттар катышышты. Анын ичиненен МТ бөлүмүнөн 303-1-ПО тайпанын студенти Базарбаев Кайрат “Компьютердик оюндарды 3D моделдөө” боюнча катышып экинчи оорунду ээледи. Жетекчиси Кульжигитов Адилет

## Кийинки чемпионаттка төмөнкү окутуучулар темаларын беришти.

| Окутуучу | Студент | Компетенция | Группа |
|---|---|---|---|
| Омуралиева З.М. | Тойчубеков Бакдоолот | Разработка мобильных приложений | 203-1-ПО |
| Кульжигитов А.А. | Бакеев Насип | 3D моделирование для компьютерных игр | 202-2-ПКС |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Уркунбаева А.К. | Акматалиев Адилбий | Компьютерной дизайн | 203-3-ПО |
| Эрмат к.Зарина | Абдыманапова Алия | Технология информационного моделирования BIM | 202-1-ПКС |

**Жылдыкта катышуусу жогорку пайызды алган тайпалар**

203-7-куратор Омуралиева Зарина -80%,

303-3-Омуралиева Зарина- 79%.

303-1-Кульжигитов Адилет-75%

303-4-Мукашов Кайрат-71%

**Ал эми катышуу эң начар тайпалар**

203-3-ПО-57%- Асылбеков Кемел

203-4-ПО-58%- Турганалиева Айсалкын

Билим берүү системасындагы тез темп менен жүрүп жаткан өзгөрүүлөр, санариптик технологиялардын өнүгүшү жана эмгек рыногунун талаптары педагогикалык ишмердүүлүктүн мазмунун жана формасын түп-тамырынан өзгөртүүнү талап кылууда. Заманбап билим берүү — бул маалыматтык-коммуникациялык технологиялар менен тыгыз байланышкан, инновациялык усулдарга таянган динамикалуу процесс. Мындай шарттарда колледждердин, айрыкча техникалык жана IT тармагындагы адистерди даярдоочу окуу жайлардын окуу-усулдук ишмердүүлүгү өзгөчө мааниге ээ болуп турат. Андыктан тажрыйба алмашуунун орду чоң.

И.Раззаков атындагы КМТУнун ректору М.К. Чыныбаевдин 16-май 2025жылдын № К-79 буйругунун негизинде 20-21-май күндөрү илимий-педагогикалык тажрыйба алмашуу жана кызматташуу боюнча маселелерди талкулоо максатында Алматы политехникалык колледжине иш сапар менен БТК нын директору Келебаев К.К. баштаган окутуучулар Жумабаева С.Ж., Омуралиева З.М., Кульжигитов А.А., Мукашов К.Ш. аталган окуу жайда иш сапар менен барышты.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана "Алтын түйүн" Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы 2025-жылдын 20- апрелинен 23-апрелине чейин өтүүчү “Биз XXI кылымдын интеллектуалдарыбыз" эл аралык форумуна Кульжигитов А.А. Ысык-Көл областында өткөрүлгөн иш чарага катышып келди.

Бишкек техникалык колледжинин “Маалыматтар технологиясы” бөлүмү 2024–2025-окуу жылында билим берүүнүн сапатын жогорулатуу жана студенттерди практикалык көндүмдөр менен камсыздоо максатында бир катар окуу-усулдук иштерди жүргүздү. Бул иш-аракеттер заманбап окуу программаларын иштеп чыгуу жана жаңылоо, мугалимдердин кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу, электрондук ресурстарды колдонуу, практика багытындагы сабактарды күчөтүү жана студенттердин чыгармачылыгын өстүрүү сыяктуу ар кыл багыттарды камтыды. Бул бөлүм тарабынан жүргүзүлгөн иштер заман талабына жооп берген IT адистерин даярдоого, билим берүү процессин модернизациялоого жана мугалимдер менен студенттердин өз ара аракеттенүүсүн жаңы деңгээлге көтөрүүгө өбөлгө түздү.

2024–2025-окуу жылынын ичинде “Маалыматтар технологиясы” бөлүмү тарабынан окуу-усулдук ишмердүүлүк системалуу түрдө, учурдагы билим берүү талаптарына жана жаңы технологиялардын өнүгүшүнө ылайык жүргүзүлдү.

- Колледждин билим берүү стандарттарына ылайык, ар бир сабак боюнча жумалык пландар, окуу программалары менен жаңыланды.
- Жаңы IT багыттар боюнча предметтик модулдар иштелип чыкты
- Окутуучулар тарабынан электрондук окуу куралдары, презентациялар, Ютуб видео сабактар жана интерактивдүү материалдар колдонушту.
- Zoom сыяктуу платформалар аркылуу онлайн сабактар жана консультациялар өткөрүлдү.
- Студенттерди иш жүзүндө даярдоого басым жасалып, ар бир курста лабораториялык жана практикалык иштердин сапаты жогорулатылды.

Заманбап билим берүү үчүн төмөнкү ыкмаларды колдонуу

- Проекттик негиздеги окутуу: Студенттерге өз алдынча жана командалык негизде долбоорлорду иштеп чыгуу тапшырмаларды берүү. Бул ыкма студенттердин практикалык даңкын жогорулатууга жана иштөөгө даяр болууга өбөлгө түзүү. Ошондой эле, студенттерге ишканалар менен кызматташтыкта, реалдуу иш долбоорлорун ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрдү сунуштоо.
- Практикалык иштер жана семинарлар: Теориялык билимдерди практикалык көндүмдөргө айландыруу үчүн студенттерге заманбап IT лабораторияларында иштөөгө шарт түзүү. Лабораторияларда, мисалы, веб-программалоо, мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу жана базалар менен иштөө сыяктуу багыттар боюнча жумуштарды жүргүзүү.
- Окуу программасына конференцияларды уюштуруу жана эл аралык форумдарга катышуу пландалууда. Бул студенттер үчүн академиялык жана практикалык өз ара пикир алышууларды өнүктүрүүгө жардам берет.
- Иштеп чыгуу лабораторияларын кеңейтүү: Студенттер үчүн жана окутуучулар үчүн лабораторияларды заманбап жабдыктар менен камсыздоо.

## 8. Жыйынтык

Маалыматтар технологиясы бөлүмү билим берүү процессинде өтө маанилүү роль аткарат, анткени ал студенттерди заманбап технологиялар менен иштөөгө, дүйнөлүк информациялык өнөр-жайга ылайыкташууга даярдайт. Окуу иштери студенттердин аналитикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдөрүн жана командалык иштөөнү өнүктүрүүгө багытталган. Студенттердин IT тармагындагы мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү жана сапаттуу билим берүү максатында бөлүм үзгүлтүксүз ишин улантат.

МТБ башчысы Жумабаева С.Ж.